**УДК: 372.882(575.2) (04)**

***Калдыбаева А.Т.***
*И. Арабаев ат. КМУ, Кыргызстан*
***Kaldybayeva A. T.***
*Arabaev KSU, Kyrgyzstan*
*aikadem_007@mail.ru*

# ВЕДУЩИЕ ТЕНДЕНЦИИ ПРОЦЕССА ТЕХНОЛОГИЗАЦИИ ЦЕЛОСТНОГО ПЕДАГОГИЧЕСКОГО ПРОЦЕССА В ВУЗЕ

# LEADING TRENDS IN THE PROCESS OF TECHNOLOGIZATION OF THE HOLISTIC PEDAGOGICAL PROCESS AT THE UNIVERSITY

# ЖОЖДОГУ БҮТҮНДӨЙ ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРОЦЕССТЕГИ ТЕХНОЛОГИЯЛАШТЫРУУДАГЫ АЛДЫНКЫ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ

***Аннотация.*** *Обновление образования сегодня требует от педагогов знания тенденций инновационных изменений в системе современного образования отличий традиционной, развивающей и личностно-ориентированной систем обучения, понимания сущности педагогической технологии, знания интерактивных форм и методов обучения, также особенности и эффективность применяемых педагогических технологий и собственной педагогической деятельности в целом.*

***Ключевые слова:*** *технология, система образования изменения и направления, свойства, интеграция, гуманизация, гуманитаризация, дифференциация, диверсификация, многовариантность, многоуровневость, фундаментализация, компьютеризация, информатизация, индивидуализация.*

***Abstract.*** *Updating of education today requires teachers to know the trends of innovative changes in the system of modern education differences traditional, developmental and personality-oriented learning systems, understanding the essence of pedagogical technology, knowledge of interactive forms and methods of teaching, as well as the features and effectiveness of the applied pedagogical technologies and their own teaching activities in General.*

***Keywords:*** *technology, education system changes and directions, properties, integration, humanization, humanitarization, differentiation, diversification, multivariance, multilevel, fundamentalization*

***Аннотация.*** *Билим берүүнүн жаңылантуу бүгүнкү күндө педагогдордон заманбап билим берүү системасындагы инновациялык өзгөрүүлөрдүн тенденцияларын, окутуунун салттуу, өнүктүрүүчү жана инсандык-багыттуу системасын, педагогикалык технологиялардын маңызын түшүнүп, окутуунун интерактивдүү усулдарын жана формаларын, ошондой эле жалпы өзүнүн педагогикалык ишмердигинде колдонулуучу педагогикалык технологиялардын өзгөчөлүктөрүн жана натыйжалуулугун билиши керек.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *технология, билим берүү системасы, өзгөрүүлөр жана багыттар касиеттер: интеграция, гумандаштыруу, гуманитарийлештирүү, дифференциация, диверсификация, көп варианттуулук, көп баскычтуулук, фундаменталдаштыруу, компьютерлештирүү, маалыматташтыруу, индивидуалдаштыруу.*

Педагогикалык илимде «технология» терминининин пайда болуусуна билим берүү системасында болуп жаткан бир катар өзгөрүүлөр жана багыттар негиз болду жана алар төмөнкүдөй касиеттер менен мүнөздөлдү: интеграция, гумандаштыруу, гуманитарийлештирүү, дифференциация, диверсификация, көп варианттуулук, көп

баскычтуулук, фундаменталдаштыруу, компьютерлештирүү, маалыматташтыруу, индивидуалдаштыруу [1, 75-б.]:

Билим берүүнү *гумандаштыруу* – бул билим берүү системасынын, жалпы эле билим берүү процессинин окуучу менен педагогдун ортосундагы ар бир адамдын укуктарын сыйлоого; алардын саламаттыгын сактоого жана чыңдоого, ар-намысын ойготууга жана жеке потенциалын өнүктүрүүгө негизделген бири-бирине карата сый-урмат мамилени өнүктүрүү жана калыптандыруу. Мына ушундай билим берүү гана окуучуларга өнүгүүнүн жекече жолун тандап алууга укук берет.

*Гуманитарийлештирүү* – бул билим берүүнүн деңгээлине, тибине карабастан, адамдын жыргалчылыгы үчүн эң башкы социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө даяр болууга мүмкүндүк берүүчү анын мазмунун өздөштүрүүгө багыт алуу; ар башка улуттун, элдердин, бардык кесиптин жана адистиктин адамдары менен эркин баарлашуу; өз эне тилин, тарыхын жана маданиятын мыкты билүү; чет тилдерде эркин сүйлөшүү; экономикалык, юридикалык жактан сабаттуу адам болуу.

*Дифференциация* – бул билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын кызыкчылыктарын, шыгын жана жөндөмүн канааттандырууну жана аны өнүктүрүүнү эске алуу менен окуучулардын жана студенттердин жетишүүсүнө билим берүүчү уюмдардын багытталуусу. Дифференциация ар кандай ыкмалар менен ишке ашырылышы мүмкүн, мисалы, окуучулардын жетишкендиктери боюнча окуучуларды топтоштуруу; окуу дисциплиналарын милдеттүү жана тандоо боюнча деп бөлүштүрүү; окуу жайларын элиталык, массалык жана өнүгүүсү кеч жана токтоп калган окуучулар үчүн деп бөлүштүрүү; кесиптик багыттоонун кызыкчылыктарына ылайык айрым окуучулар жана студенттер үчүн жеке пландарды жана билим берүү маршруттарын түзүү ж.б.

*Диверсификация* – бул окуу жайларынын, билим берүү программаларынын жана башкаруу органдарынын көп түрдүүлүгү.

*Көп вариативдүүлүк* – бул билим берүү системасында окуучуларды жана студенттерди өз алдынча жана жоопкерчиликтүү чечимдерди кабылдоого ар бир субъектке ийгиликтүү болууга шанс берүү, альтернативдүү жана өз алдынча ой жүгүртүүгө демилгелөө. Иш жүзүндө көп вариативдүүлүк окутуунун темпин тандоо, билимдүүлүктүн ар кыл деңгээлдерине жетишүү, билим берүү уюмунун тибин тандоо, ошондой эле окуучунун жана студенттин жеке өзгөчөлүктөрүнө жараша окутуу шарттарын бөлүштүрүү ж.б. аркылуу көрүнүп турат.

*Көп деңгээлдүүлүк* – бул билим берүүнүн ар бир этабында адамдын мүмкүнчүлүктөрүнө жана кызыкчылыктарына туура келүүчү тигил же бул билим берүү деңгээлине жетишүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоочу көп баскычтуу билим берүү процессин уюштуруу. Ар бир баскычтын өзүнүн максаты, окутуу мөөнөтү жана өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар. Ар бир этаптагы окутуунун соңу билим берүүнүн сапаттуу аякташы болуп эсептелет.

*Фундаменталдаштыруу* – заманбап турмушка жаштардын теориялык жана практикалык даярдыгынын карым-катышын күчөтүү. Мектептин жана ЖОЖдордун билим берүү системасынын окуу планындагы бардык дисциплиналар боюнча илимий-теориялык билимдерди терең жана системдүү өздөштүрүүсүнө өзгөчө көңүл бөлүнөт.

*Маалыматташтыруу* – адамдын окутуу процессинде маалыматтык технологиялар массалык түрдө кеңири колдонулуп бара жатышы менен байланыштуу. Билим берүүнү маалыматташтыруу акыркы он жыл аралыгында дүйнө жүзү боюнча кеңири жайылтылууда.

*Индивидуалдаштыруу* – бул окутуу жана тарбия берүү процессинде окуучулардын жана студенттердин бардык карым-катышуу формаларында алардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу жана өнүктүрүү.

Салттуу, негизинен вербалдык, лекциялык-аудиториялык системага артыкчылык берилген жогорку билим берүү системасында билим берүү процессинин сапатын жогорулатуу маселесин чечүүгө жасалган аракеттер тийиштүү натыйжа бербей тургандыгын белгилей кетүү зарыл. Андыктан, жогорку билим берүүнү түзүм-мазмундук жактан реформалоо шартында ЖОЖдун практикасына окутуунун жаңы технологияларын жайылтуу абалына артыкчылык берилүүсү зарыл.

Бүгүнкү күндө заманбап билим берүү технологиялары адамтаануу технологияларынын бир түрү катары каралып, педагогиканын, психологиянын, кибернетиканын, башкаруу жана менеджмент илимдеринин теориялык жоболоруна негизделет.

Психология-педагогикалык булактарды иликтөө жана изилдөө «педагогикалык технологиялар», «окутуунун технологиялары», «тарбия берүүнүн технологиялары», «бүтүндөй педагогикалык процесстин технологиялары», «педагогикалык процессти конструкциялоо технологиясы», «педагогикалык процессти ишке ашыруу технологиясы», «едагогикалык баарлашуу жана педагогикалык жактан максатка ылайык карым-катышууларды орнотуу технологиялары» ж.б. Авторлор кайсы бир маселени изилдеп жатып, берилип жаткан материалдын контекстине, автордун позициясына жана концепцияларына ылайык жогоруда аталган терминдердин бирин колдоно берет.

«Технология» түшүнүгү жыл өткөн сайын педагогиканын теориясында жана билим берүүнүн практикасында, анын ичинде жогорку кесиптик билим берүүдө бекем орун алды.

«Технология» түшүнүгү гректин techne – искусство, чеберчилик и logos – окуу деген сөзүнөн алынган. Демек, «педагогикалык технология» термини сөзмө сөз которгондо педагогикалык искусство, чеберчилик тууралуу окуу дегенди билдирет. Илимий-педагогикалык адабиятты изилдөө көрсөткөндөй, заманбап изилдөөчүлөр аталган түшүнүктү төмөнкүдөй түшүндүрүп жүрүшөт:

– илимий так долбоорлоо жана педагогикалык аракеттердин кепилдүү ийгилигин так көрсөтүү [6, 14-б.];
– методиканын конкреттүү шарттарга «байлануусу», билим берүүнүн мезгилин, ордун, конкреттүү субъектилерин, педагогикалык процессти уюштуруунун шарттарын жана узактыгын пайдалануу системасы [1, 71-б.];
– окуу процессин ишке ашыруунун мазмундук техникасы [2, 33-б.];
– окутуунун формаларын, усулдарын, ыкмаларын, жолдорун, тарбиялык каражаттардын атайын жыйындысын аныктоочу психология-педагогикалык көрсөтмөлөрүнүн жыйындысы [4, 96-б.];
– окутуунун пландаштырылган натыйжаларына жетишүү процессин сүрөттөө;[7, 24-б.];
– дидаткикалык системанын процессуалдык тутумдук бөлүгү катары [3, 21-б.];
– окуу процессин долбоорлоо, уюштуруу жана жүргүзүү боюнча окуучулар жана мугалим үчүн ыңгайлуу шарттарды милдеттүү камсыздоо менен деталдуу ойлонулган биргелешкен педагогикалык ишмердиктин модели [5, 265-б.];
– техникалык жана адамдык ресурстарды жана алардын алдыга коюлган билим берүүнүн формаларын оптималдаштыруу милдеттерин эске алуу менен жалпы эле

окутуу жана билимдерди өздөштүрүү процессин түзүү, колдонуу жана аныктоо усулу (ЮНЕСКО).

Изилденип жаткан түшүнүктөгү мындай көп кырдуулук Г.К. Селевкого төмөнкүдөй позицияларды аныктооого мүмкүндүк берди [5, 49-б.]:

– педагогикалык технологиялар каражат катары (методикалык инструментарийди, аппаратураны, окуу жабдууларын, окутуунун техникалык каражаттарын өндүрүү жана колдонуу);
– педагогикалык технологиялар ыкма катары (маселени чечүүдө кимди, эмнени колдонуу, техника, системанын процессуалдык бөлүгү, долбоорлоо);
– педагогикалык технологиялар илимий багыт катары (концепциялар, социалдык, башкаруу жана табигый илимдер мамилелери);
– педагогикалык технологиялар көп өлчөмдүү түшүнүк катары (көп өлчөмдүү процесс, б.а. жеке, инструменталдык жана методологиялык каражаттардын системдүү жыйындысы; комплекстүү интегративдик процесс; изилдөөлөр жана практика жааты; бүтүндөй педагогикалык процессти түзүүнүн, колдонуунун жана аныктоонун системдүү усулу).

Каралып жаткан түшүнүккө Г.К. Селевко сыйымдуу аныктама берген, ага ылайык заманбап билим берүү технологиялары – бул илимий негизде түзүлгөн, белгиленген натыйжаларга жеткирүүчү мезгилде жана мейкинде программаланган педагогикалык процесстин бардык компоненттеринин иштөөсү [5, 50-б.].

«Педагогикалык технология» түшүнүгү автор тарабынан *горизонталдык жана вертикалдык түзүлүш* катары берилген. Алсак, *горизонталдык түзүлүш* үч аспектини өзүнө камтыйт:

1. *Илимий*: педагогикалык технологиялар – окутуунун максатын, мазмунун жана усулдарын изилдөөчү жана иштеп чыгуучу жана педагогикалык процесстерди долбоорлоочу педагогикалык илимдин бир бөлүгү.
2. *Процессуалдык-сүрөттөөчү*: окутуунун пландаштырылган максаттарына жетишүү үчүн максаттын, мазмундун, усулдардын жана каражаттардын жыйындысын сүрөттөөчү процесс (алгоритм).
3. *Процессуалдык-аракеттик*: технологиялык (педагогикалык) процессти ишке ашыруу, бардык жеке, инструменталдык жана методологиялык педагогикалык каражаттардын иштеши.

*Вертикалдык түзүлүш* билим берүү технологияларынын кошо баш ийүүчү төрт классын камтыйт:

1. *Метатехнологиялар* – бул өлкөдө, аймакта, окуу жайында бүтүндөй билим берүү процессин камтыган жалпы педагогикалык технологиялар (жалпы дидактикалык, жалпы тарбиялык, социалдык-тарбиялык).
2. *Макротехнологиялар* (*тармактык) педагогикалык технологиялар (жалпы педагогикалык жана жалпы методикалык деңгээлдер)* – алар кайсы бир билим берүү тармагынын алкагындагы ишмердикти камтыйт.
3. *Мезатехнологиялар (модулдук-локалдык)* – окуу-тарбиялык процесстин айрым бөлүктөрүн (модулдарын) ишке ашыруу же айрым, локалдык дидактикалык, методикалык же тарбиялык маселелерди чечүүгө багытталган технологияларды ишке ашыруу.

4. *Микротехнологиялар – бул педагогикалык процесстин субъекттеринин жеке карым-катышуусуна же өзүнө таасир этүүсүнө тиешелүү чектелген оперативдүү милдеттерди чечүүчү (байланыштык-жеке деңгээл).*
5. *Мындан тышкары технологиялык микроструктураларды да ажыратып карап жүрүшөт: ыкмалар, звенолор, элементтер ж.б. Логикалык технологиялык чынжырга тизилүү менен, алар бүтүндөй педагогикалык технологияны түзүшөт (технологиялык процесс).*

*Технологиялык схема* – процесстин технологиясынын шарттуу сүрөттөлүшү, алардын айрым функционалдык элементтерге бөлүнүшү жана ортосундагы логикалык байланыштын белгилениши.

*Технологиялык карта* – колдонулуучу каражаттарды көрсөтүү менен аракеттердин кадамдар, этаптар түрүндөгү процессин сүрөттөө.

Педагогикалык технологиялардын маңыздуу белгилери төмөнкүлөр:

– методологиялык, автордун философиялык позициясы;
– педагогикалык аракеттердин, коммуникация операцияларынын технологиялык чынжыры конкреттүү күтүлүүчү жыйынтыктын формасына ээ болгон белгиленген максаттарга ылайык тартипте тизилет;
– технология индивидуалдаштыруу жана дифференциялаштыруу принциптерин, диалогдук баарлашууну, адамдык жана техникалык мүмкүнчүлүктөрдү оптималдуу ишке ашырууну эске алуу менен жүргүзүлүүчү педагог менен студенттин эриш-аркакталган ишмердигин билдирет;
– педагогикалык технологиялардын элементтери, бир жагынан, бардык педагогдор тарабынан кабылданууга тийиш болсо, экинчи жагынан – бардык студенттерге пландаштырылган натыйжаларга жетүүгө кепилдик бериши керек (мамлекеттик стандарттарга ылайык);
– педагогикалык технологиялардын органикалык бөлүгү катары критерийлерди, көрсөткүчтөрдү жана ишмердиктн натыйжаларын өлчөөнүн инструментарийлерин камтыган диагностикалык процедураларды айтууга болот.

**Адабияттар**


1. Котряхов Н.В. Деятельностиый подход к педагогическому процессу: история и современность. – Киров, 2005. – 184 с.
2. Мухина С.Л. Нетрадиционные педагогические технологии в обучении. – Ростов-на Дону, 2004. – 384 с.
3. Назарова, Г.С. Педагогические технологии: Новый этап эволюции // Педагогика. 1997. – №3. – С. 20 – 27.
4. Полат Е.С. Новые педагогические и информационные технологии в системе образования. – М.: Академия, 2001. – 272 с.
5. Селевко Г.К. Энциклопедия образовательных технологий. – М., 2006. – 816 с.
6. Чернилевский Д.В. Дидактические технологии в высшей школе. – М.,1999. – 30 с.
7. Янушкевич Ф. Технология обучения в системе высшего образования. – М.: Высшая школа, 1996. – 133 с.